DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Бердиев А.Т., Султанова С.Т., Мапаев Б.А.*

# АБДЫКАДЫР ОРОЗБЕКОВ - МАМЛЕКЕТТИК ИШМЕР ЖАНА УЛУТТУК ИНТЕЛЛИГЕНЦИЯНЫН КӨРҮНҮКТҮҮ ӨКҮЛҮ

*Бердиев А.Т., Султанова С.Т., Мапаев Б.А.*

# АБДЫКАДЫР ОРОЗБЕКОВ – ГОСУДАРСТВЕННЫЙ ДЕЯТЕЛЬ И ВЫДАЮЩИЙСЯ ПРЕДСТАВИТЕЛЬ НАЦИОНАЛЬНОЙ ИНТЕЛЛИГЕНЦИИ

*A.T. Berdiev, S.T. Sultanova, B.A. Mapaev*

# ABDYKADYR OROZBEKOV – STATESMAN AND AN OUTSTANDING REPRESENTATIVE OF THE NATIONAL INTELLIGENTSIA

*УДК: 947.088.52.24*

*Макалада тарыхый инсандар жана алардын ишмердигине сересеп салуу менен Кыргызстандын белгилүү мамлекеттик ишмери жана XX кылымдын башындагы улуттук интеллигенциянын өкүлү А.Орозбековдун туулган жери, жаштыгы, жалданып күнүмдүк тамак – ашы үчүн навайчылык кылгандыгы жана эмгек ишмеригинин башталышы, саясий көтөрүлүштөргө катышкандыгы, басмачылык кыймылды басуудагы активдүүлүгү, кеңеш бийлигин орнотуудагы аракеттери, кыргыз улуттук мамлекеттин калыптанышындагы ишмердүүлүктөрү кенири баяндалат. Кара Кыргыз автономиялуу областынын, Кыргыз Автономиялуу областынын Кыргыз Автономиялуу Республикасынын жана Кыргыз ССРнын түзүлүшүндөгү саясий ишмердүүлүктөрү, 1937-1938-жылдардагы массалык репрессиянын курмандыгы болгондугу, үй-бүлөсү жана анын урпактары жөнүндө маалыматтар чагылдырылган.*

***Негизги сөздөр:** инсан, ишмердүүлүк, мамлекеттик ишмер, автономия, област, республика, улуттук мамлекеттүүлүк, репрессия, массалык репрессия.*

*В статье на обзоре исторических личностей и их деятельности подробно излагается место рождения и детство известного государственного деятеля и представителя национальной интеллигенции начала XX века А.Орозбекова, а также начало его трудовой деятельности и как он нанимался работать пекарем, его участие в политических восстаниях, его активность в подавлении басмаческого движения, его старания в становлении советской власти, его деятельность в формировании кыргызской национальной государственности. Здесь также собрана информация о его политической деятельности в создании Кара-Кыргызской автономной области, Кыргызской автономной области, Кыргызской автономной Республики и Кыргызской ССР, а также как он стал жертвой массовых репрессий в 1937-1938 годов, информация о его семье и потомках.*

***Ключевые слова**: личность, деятельность, государственный деятель, автономия, область, республика, национальная государственность, репрессия, массовая репрессия.*

*This article deals with a famous representative of nation's intelligence in the beginning of the 20th century A.Orozbekov his birthplace, childhood and his working as a "navaichy" to each for their everyday life. And also there is given his first activities how he took part in political uprisings, his active fights against basmachies and his attempts to restore soviet power and his activities in foundation of kyrgyz national statehood .This article gives wide information about his political activities during Kara Kyrgyz Autonomic oblast, Kyrgyz Autonomic oblast, Kyrgyz Autonomic Republic and Kyrgyz Socialist Republic. At the end the article states about his being the victim of moss repression in 1937-1938, his family and his children.*

***Key words**: personality, activity, statesman, autonomy, region, Republic, national statehood, repression, mass repression.*

Кыргыз элинин кылымдарды карыткан карт тарыхына сересеп салып кароо менен алар бири бирин улап келген түркүн доорлорду башынан өткөргөнүн байкоого болот. Бул аралыктарда кыргыз эли өз башынан гүлдөп өнүккөн ири дөөлөттүктү түзгөн мыкты доорлор менен катар эле эл катары жок болуп кете турган трагедиялуу мезгилдерди башынан кечирген. Мындай кырдаалга тушуккан дүйнөнүн канчалаган элдери тарых барактарында гана калып, эл болуп жашоосун токтотууга мажбур болгон. Мындай тарых табышмагынын бир жандырмагы катары кыргыз элинин сактап жана туура жолго баштап келе жаткан пассионардуу инсандардын ролун айтсак болот. Албетте, кайсы бир доорлордо кыргыз элине Манас баш болгон баатырлар жан аябай кызмат кылышса, башка кийинки доорлордо элге акылман, билимдүү жана

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



жөндөмдүү инсандардын кызматы зарыл болуп келген. Пассионардуу инсандардын эл алдындагы зарылчылыгы жана инсандык ролу өзгөчө доорлор тогошуп, көндүм турмуш менен жатыккан жашоо астынүстүн болуп, келечек туңгуюктап бара жатканда зоболоп көтөрүлгөн.

Чындап эле, ар бир доордун, элдин жана мамлекеттин саясий, социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүшүнө зор салым кошкон, алардын тарыхына өчпөс из калтырган өз доорунун, мезгилинин чыгаан инсандары болот. Албетте, мындай инсандар бардык күчүн, мүмкүнчүлүгүн өз мамлекетинин кубатын: эл аралык аренадагы аброюн, саясий-аскердик дараметин жогорулатууга, социалдык-экономикалык абалын бекемдөөгө, мамлекеттин ички биримдигин күчөтүүгө, саясий системаны, өлкөнү башкаруу ыкмасын өркүндөтүүгө жумшашарын тарых тастыктап келет.

Эгемендүүлүктүн жылдарында кыргыз элинин улуттук жана мамлекеттик тарыхында абдан жакшы жөрөлгө башталып, калкыбыздын көрүнүктүү тарыхый инсандары, алардын өмүр-таржымалдары иликтенип, өз элине, жерине, мамлекетине сиңирген эмгектерин жумурай журтубузга, коомчулукка, жаш муундарыбызга ар тараптан таанытууга мүмкүнчүлүк алдык. Бул кашкайган тарыхый чындык экенин баса белгилөө керек. Кээде «Өлгөндөр даңкталбаса, тирүүлөр бarkталбайт» таризинде бир катар чыгаандарыбызды көзү тирүүсүндө сыйлабай, барктабай, калып, көзү өткөндөн кийин өкүнү менен алардын эмгегин баалаганга аракет кылып жүрөбүз.

Кыргыз тарыхында аты аталып, бирок татыктуу ордун толук ээлей албай келген чыгаан инсандарга Кеңеш бийлигинин алгачкы жылдарында кыргыз элине, жерине жаңы турмуштун жарык шооласын чачкан, 20-30-жылдардагы жаңы шарттарда улуттук мамлекетибиздин пайдубалын түптөп, болочокко өбөлгө түзгөн, кыргыз улуттук мамлекетинин саясий, социалдык-экономикалык, аймактык-акимчилик, маданий өнүгүүсүнө өзгөчө салым кошкон көрүнүктүү улут лидерлери А.Сыдыков, Ж.Абдрахманов, А.Орозбеков, И.Айдарбеков, И.Арабаев, К.Тыныстанов, Т.Айтматов, Б.Исакеев, М.Салихов сыяктуу азаматтар дагы кирет.

Абдыкадыр Орозбеков 1889-жылы Фергана облусунун Маргалаң уездиндеги (азыркы Баткен облусуна караштуу Кадамжай районунда) Охна айылында жакыр үй-бүлөдө жарык дүйнөгө келген. Ал төрткө чыкканда байларга жалданып иштеп күн өткөргөн. Жетим бала кедейликтин запкысын бала кезинен эле көрүп, балтыр эти ката элек кезинен кара жумушка бышып, билим алуунун ордуна эптеп болсо да үйүнө нан алып баруу үчүн тынымсыз иштеген. Байлардын пахта талааларында, наабайканаларда маңдай терин агызып оор турмуштун азабын жакшы эле тарткан. Бирок ошол эле кезде мындай каардуу жашоо-шарты анын саясий көз карашынын түптөлүшүнө эбегейсиз салым кошкон. Карапайым калктын ортосунда жүрүп, алардын көйгөйлөрүн жакындан билгендиги, Ферганадагы көп улуттуу эл менен жакшы мамиледе болгондугу анын келечекте саясий тепкичте тез арада жогорулоосуна өбөлгө болгон [1].

1916-1917-жылдары Орто Азиядагы бир нече аймактарда орус падышалыгы жүргүзгөн саясатка каршы көтөрүлүштөр чыга баштайт. Бул кездери Маргалаңда наабайканада иштеген Абдыкадыр Орозбеков карапайым жумушчулардын иш таштоосун уюштуруп, өзү да алдыңкы катарда жүрөт. Мындан улам камакка алынып, бирок элдин колдоосунан улам тез эле бошонуп чыккандыгы да бар. 1918-жылы большевиктер партиясына мүчө болуп, Кызыл Армиянын катарына кошулат. Орус падышалыгы кулап, Совет бийлиги орноп баштаган учурда басмачыларга каршы күрөштөргө жигердүү катышып, жаңы замандын келүүсү үчүн болгон аракетин жумшайт [2].

Абдыкадыр Орозбеков 1920-жылдан баштап жаңы курулган өлкөнүн коомдук жана саясий турмушуна баш-оту менен кирише баштаган. Үч жылга жакын убакыт айылдык жана райондук революциячыл комитеттерди жетектеген. Андан соң Ош аймактык эмгекчилер советинин жер бөлүмүнүн башчысы катары кызмат өтөйт. Саясаттагы ийгилиги жогорулап, 1925-жылы Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун уюштуруу курултайында депутаттар аны облустун төрагалыгына шайлашат. Жетиштүү билими жок инсандын мындай кызматка келүүсү көпчүлүктү таң калтырса да, чындыгында эл арасынан чыккан, көп жыл кара жумуш менен алектенген эмгекчил инсан Советтик бийликтин идеологиясына туура келген жетекчи эле. Ошентип Абдыкадыр Орозбеков бүгүнкү Кыргызстандын биринчи президентине айланган. Бир жылдан соң Кыргыз АССР Борбордук Аткаруу Комитетинин төрагасы болуп шайланат. Бул жылдары өлкөнүн конституциясын иштеп чыгууга, чек арасын белгилөөгө чоң салым кошот.

Ферганада Совет бийлигин орнотуу жана чыңдоо үчүн күрөшкө ал активдүү катышат. Мына ушул убакта Орозбеков Фергана облустук жумушчу-дыйкан жана солдат советтерине мүчө болуп шайланат. Кедейлер комитетин, айыл чарбачылыгы коомун уюштурат. Жергиликтүү совет органдарын жаңыдан уюштурууга, чарбачылыкты жолго коюуда Орозбеков өзүнүн жөндөмдүүлүгүн көрсөткөн.

Ар дайыма калк арасында жүрүп, чечкиндүү жетекчи катары таанылган. Катардагы жоокерден отряд

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



командирине, саясий жетекчиге чейин көтөрүлгөн тайманбас, эр жүрөк революционер 1920-жылы Кызыл Туу ордени менен сыйланат. Айылдын, болуштун, райондун революциячыл комитеттерин башкарып келип, 1924-жылы Орозбеков эмгекчилерин Ош округдук советинин жер бөлүмүнүн башчылыгына дайындалат.

1925-жылы Кыргыз автономия облустук аткаруу комитетинин төрагалыгына шайланат. 1926-1936-жылдары Кыргыз АССР Борбордук аткаруу комитетинин төр агасы КПССтин 15-17 жана Советтердин бүткүл россиялык 6-8-съезддеринин делегаты болгон.

1917-жылы А. Орозбеков жергиликтүү жумушчулардын айлык акысын көбөйтүү талабын койгон саясий демонстрацияны уюштурууга тикеден-тике жетекчилик кылган. Ошол үчүн шаардын губернатору тарабынан камакка алынган. Жумушчулардын наразылык менен жасаган кысымынан коркуп, аны камактан чыгарууга губернатор мажбур болгон. Падышанын жергиликтүү элдерди аскер кызматына алуу саясатына каршы күрөшкөндүгү үчүн аны кайрадан куугунтуктай башташат.

Бул мезгилдерде Россиядагы саясий кырдаал аябай курчуп, Ферганада ар түрдүү кесиптеги жумушчулардын уюмдары түзүлө баштаган эле. Анын активдүү катышуучусу болгон А.Орозбеков ушул эле жылы Фергана областтык жумушчулардын жана солдаттардын депутаттарынын мүчөлүгүнө кабыл алынат. Ал эми Улуу Октябрь социалисттик революциясы женишке жеткенде, ал Фергана областтык жумушчу жана аскер депутаттарынын арасынан Маргалаң уезддик шаардык аткаруу комитетинин президиумунун мүчөлүгүнө шайланат. Ферғананын Чоро мааласында биринчи коммуна уюштуруп, өзү төрагалык кылган. Ушул жылдарда Юлдаш Ахунбабаев менен таанышат.

Абдыкадыр Орозбеков ар түрдүү аскердик тапшырмаларды ат-карууга катышып, аларды өз убагында так бүткөрүүгө жетишет. Ошолордун бирөөсү катарында мындай кызматты эске түшүрүү ылайык келип турат. Контрреволюциянын командачысы, Шура Ислам уюмунун жетекчиси, падышалык генералдын уулу Чанышевди Ферганага жеткирүү милдети ага тапшырылат. Ак гвардиячылар менен болгон согушка катышып, чалгындоо иштерин жүргүзөт.

1918-жылдын 6-августунда Абдыкадыр Орозбеков РКП(б)нын катарына өтөт. Ошол жылдары Чимиондо басмачылар коркунуч туудуруп турган. А.Орозбековго ошол Чимион революциялык комитетин жетектөө тапшырылган. Большевик Ушаков командачылык кылган. Фергана тоолуу кавалерийлик 8-бригада менен бирдикте Орозбековдун отряды Чимион районунун Чимион нефть казып алуу кенин жок кылуу максатын көздөгөн жана талап-тоноого аттанган басмачылардын тобун жок кылышат. Көп өтпөй жаш коммунист жаңы тапшырма алат. Өз отряды менен элди басмачылардан коргойт. Аллаяр корбашы, Ядигер корбашы, Алты-Арыктан Карабай, Жолчу корбашы, Осмон палван дегендер менен согушуп, аларды талкалаган. Мандон, Халмион, Ак-Билал, Ханкыз тараптарда басмачылардын калдыгын тазалаган. Ю. Ахунбабаев менен бирдикте Алты-Арык, Риштан жактагы Совет бийлигинин душмандарын талкалаган. Ушул жылдарда анын Юлдаш Ахунбабаев менен достугу чыңдалат. Абдыкадыр бул жөнүндө: «Кыргызстан менен Өзбекстандын эмгекчилери мындан аркы ишинде алар Компартиянын изден тайгыс багытын турмушка ашырууда бири-бирине көмөк көрсөтүүлөрү керек», - деген сөздү айтат.

Үч-Коргон болушундагы кыштактарда талап-тоноочулукту жүргүзүп жаткан Жармат максым, Нурмат башында турган басмачылар Кызыл-Кыя көмүр казып алуу бассейнине залака келтирүү максатын көздөшөт. Абдыкадыр жетектеген кызылдар басмачыларды талкалоо милдетин абийирдүүлүк менен аткарат. Андан кийин ал жер-жерлерде Совет бийлигин чыңдоо ишине катышат.

1923-жылы ал Үч-Коргон ревкомунун төрагасынын орун басарлыгына шайланат. Анан Мархамат райаткомунун (Өзбек ССРи) төрагасы болуп иштейт. Бул жылдарда Фергана өрөөнүндөгү басмачыларды жок кылуу ишине активдүү катышат.

Советтердин 7 жылдык юбилейи белгиленген убакта Абдыкадыр көрсөткөн каармандыгы үчүн Алтын белги менен сыйланат. Орто Азия республикалары улуттук жактан бөлүштүрүлө баштаганда ал - Ош аймактык революциялык комитеттин жер бөлүмүнүн бөлүм башчысы, 1925-жылдын мартынан аймактык конференция аны аймактык ВКП(б)нын жооптуу секретарлыгына шайлайт. Ушул эле жылы ал областтык Советтердин I съездинде Кыргыз облаткомунун төрагалыгына шайланат [1].

1931-жылы А.Орозбеков Араванга келаткан учурда Калкожо баш кесердин желдеттерин талкалаган. Абдыкадыр Орозбековдун өзгөчө мүнөзү анын чечкиндүүлүгүндө эле. Буга бир мисал, Үч-Коргондо революциялык комитеттин жетекчиси болуп турган кезде Фергана гарнизонунун баштыгы Сафоновдун жергиликтүү элди басмачылардын катарында кыдырата кырып жок кылуу жөнүндөгү жаңылыш буйругун четке кагып, чечкиндүү каршылык көрсөткөн. Ошентип, Исфайрам жана Ак-Суу боюндагы элдерди күнөөсүз эле кырып жок кылуу жөнүндөгү туура эмес, жаңылыш буйрук токтотулган. Аксакал ичтеги

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



жана сырттагы ар кандай акыйкатсыздыкка каршы чечкиндүү күрөшүп, карапайым элдин мүдөөсүн эч бир жалтанбай коргогон.

Таптык күрөштүн жылдарында душмандар аны күнөөсүз жерден партия менен мамлекеттин ишине карама-каршы коюшуп, өзүлөрүнүн ойлорун ишке ашырышкан. 1937-жылы ал Т.Айтматов, Н.Усов, Б.Исакеев жана башкалар менен бирдикте репрессиянын, кур жалаанын курмандыгына чалынды, 1956-жылы гана ал акталып, өлгөндөн кийин партиялуулугу кайрадан калыбына келтирилген.

А.Орозбеков өзүнүн өмүр жолунда падышалык самодержавиянын колониалдык бийликтеринин да, жергиликтүү бай-манаптардын эзүүсүн да өз башынан кечирди. Ошондуктан, ал жаңы заманды чын дилинен тандап, ага бүт өмүрүн, талыкпас эмгегин аяган эмес. Партия жана жаңы өкмөт, анын социалисттик курулушта сиңирген эмгеги, граждандык согуш жылдарындагы, контреровлюциячыл күчтөр менен күрөштөгү каармандыгы үчүн бир катар сыйлыктарга ээ болгон:

1. 1924-жылы А.Орозбеков Улуу Октябрь Социалисттик Революциясынын 7 жылдык майрамын белгилөөдө Фергана өрөөнүндө биринчилерден болуп, Кеңеш бийлигин орнотуп, аны чыңдоодо, басмачыларды талкалоодогу эр жүрөктүгү үчүн Түркстан Коммунисттик партиясынын Алтын төш белгиси менен сыйланган.

2. Кыргыз АССРинин БАК Грамотасы жана «Маузер» согуш куралы жана сыйлык иретинде мотоцикл менен сыйланган.

3. Ал эми 1932-ж. 3-майында Фрунзе шаардык партиялык активде, Кыргыз АССРинин БАК жана ЭКК биргелешкен жыйынында А.Орозбековдун басмачылар менен күрөштөгү кужурмөндүгү, партиянын генералдык багытын туура ишке ашыргандыгы үчүн Өзбек ССРинин өкмөтү тарабынан Эмгек Кызыл Туу ордени (Союздук эмес, ошого окшош Өзбек ССРинин ордени - авт.) менен сыйланган. Бул жогорку сыйлыкты Өзбек ССРинин ЭККнин өкүлү А.Мухаметов тапшырган [3]. Тилекке каршы жогорку мамлекеттик сыйлыкты биздин өкмөт эмес, коңшулаш Өзбекстандын өкмөтү бергендиги абдан өкүнүчтүү.

Эмгекчи элдин, өкмөт менен партиянын дагы бир сый урматы катары дал ошол 1932-ж. Кыргыз АССРинин 5 жылдык маарекесинде, А. Орозбековдун да БАК төрагасы катары эмгектенишинин 5 жылдыгы шаан-шөкөттүү түрдө белгиленет. Натыйжада 1932-жылдын январь айында Кыргыз АССР БАК атайын сессиясында Үч-Коргон айылы Орозбековабад, Сууханадагы колхоз Орозбеков атындагы колхоз, Кызыл-Кыя району – Орозбеков атындагы район деп аталган [4].

Аксакал элине жасаган кужурмөн эмгектери үчүн 1932-жылы Эмгек Кызыл Туу ордени менен сыйланган. Өмүрүнүн акырына чейин Кыргыз ССРинин Борбордук Аткаруу Комитетинин төрагасы болуп турган. «Кыргызстандын Автоном Республикадан союздук Республика болуп түзүлүшүндө А.Орозбековдун үлүшү бар», - деп жазат, тарых илимдеринин доктору, профессор Ж.Бактыгулов. А.Орозбеков өмүрүнүн акырына чейин партия менен элдин ишине берилген бойдон калды [3].

А.Орозбеков эки кыз, бир уулдун атасы. Абдыкадыр Орозбековдун биринчи жубайы Авахан байбиче татар кызы болгон, андан 1925-жылы Эркингүл, 1927-жылы Өзгөрүш аттуу уулдуу болгон. Кичүү аялы Адалат Кара-Шоролук найман уруусунун кызы. Экөө Кимэль аттуу бир уулдуу болушкан.

Абдыкадыр Орозбеков камалгандан кийин анын үй-бүлөсү куугунтукка алынган, балдары иниси Өмүрзактын фамилиясына өтүп, кыйла жылдар "эл душманынын" баласы деген басым-кысым алдында жашап келишкен. Экинчи жубайы А.Орозбековдун көзү өткөндөн кийин өзбекстандык досу Азиз Токтобаевке турмушка чыккан. Уулу Кимэль Азиз Токтобаевдин фамилиясында өскөн. Айрым тарыхчылар А.Токтобаевдин партиянын Ташкент обкомунун биринчи катчысы кызматынан бошогондугунун негизги себептеринин бири катары "эл душманынын" перзентин асырап, чоңойткондугу болгон деп өз пикирлерин жазып жүрүшөт. А.Орозбеков – өзүң, үй-бүлөсүн ойлогон жок, эли жүктөгөн оор, ары татаал кызматты ак ниетүүлүк, ар-намыстуулук менен адал аткарып өттү, эгер кандуу репрессия болбогондо андан да көп кызматты эли, жери үчүн жасамак.

**Адабияттар:**

1. Бекмурзаева Г. Абдыкадыр Орозбеков кыргызстандын мамлекеттик ишмери, канд. Диссертация. - Б., 2015-ж.
2. Исаков И. Абдыкадыр Орозбеков. - Кадамжай, 1995. - 5, 34-б.
3. Советская Киргизия - 1932. - 8-май. - №105.
4. Тузов А. Президент Республики // Комсомолец Киргизии. 1989. - 29-ноябрь.